**УДК: 37.016:811.512.154(75.2)(04)**

**ТӨЛӨБЕКОВ Н.Т.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
*Факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасы*
**ТОЛОБЕКОВ Н.Т.**
*КНУ имени Ж.Баласагына*
*Межфакультетская кафедра государственного языка*
**TOLOBEKOV N.**
*Kyrgyz National University*
*Department of state language*

# КЫРГЫЗ ТИЛИН КЕСИПТИК БАГЫТТА ОКУТУУНУН АЙРЫМ ЫКМАЛАРЫ

## Некоторые методы обучения кыргызского как профессионального языка

## Some methods of teaching Kyrgyz language as a professional language

**Аннотация.** Бул макала кыргыз тилин кесиптик багытта окутуу боюнча жазылды. Мамлекеттик тилди окутууда болуп жаткан көйгөйлөр, алардын кээ бир себептери жана аларды чечүүнүн айрым жолдору берилди. Ошондой эле сабак өтүүдө колдонулуучу усул-ыкмалар сунуш кылынып, макаланын негизги максаты жана изилдөөдө келип чыккан корутунду келтирилди.
**Урунттуу сөздөр**: Кыргыз тилин кесиптик багытта окутуу, окутуунун усул-ыкмалары, тил үйрөтүүнүн маселелери.
**Аннотация.** В статье рассматривается некоторые вопросы преподавания кыргызского как профессионального языка. Приведены проблемы обучения государственного языка, причины возникновения проблем и некоторые пути их решения. Изложены несколько методов обучения языка.
**Ключевые слова:** Обучение кыргызского как профессионального языка, методы обучения языка, проблемы обучения языка.
**Annotation.** This article is about teaching Kyrgyz language as a professional language. Also article deals with problems of teaching state language, some causes of these problems and some ways to solve them. Several teaching methods are suggested, and main purpose of the article and the conclusions of study are given
**Key words:** Teaching Kyrgyz language as a professional language, methods of teaching language, problems of teaching language.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз тилин кесиптик багытта окутуунун айрым ыкмаларын көрсөтүү.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз тилин кесиптик багытта окутуу боюнча жаңыдан изилдөөлөр жүргүзүлүп, көптөгөн маселелери бар болгондугуна байланыштуу биздин изилдөөбүз азыркы учурда окутуунун методикасында актуалдуу деп эсептейбиз.

**Изилдөөнүн методдору жана материалдары**

Изилдөө иши Ж.Баласагын ат. КУУнун тарых жана чөлкөм таануу факультетинин студенттеринин арасында 1 жылга жакын жүргүзүлдү. Изилдөөнү жүргүзүүдө коммуникативдик, интерактивдик, аудиолингвалдык методдор колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана талкуулоо**

Кыргыз тили 1989-жылы 23-сентябрь күнү мамлекеттик тил макамын алып, жогорку окуу жайларында, мектептерде ж.б. окуу жайларында милдеттүү сабак болуп бекитилген. Ошондон бери ар түрдүү жумушчу программалары, окуу китептери, окуу куралдары түзүлүп, 33 жылдан бери окутулуп келе жатат. Мынча жылдан бери окутулуп келе жаткандан кийин, албетте, жетишкендиктер болот. Маселен, мурда кыргызча бир сөз айта албаган башка улуттун өкүлдөрү өздөрү жөнүндө сүйлөп берип, кыргызча айтылган кепке жалпысынан түшүнүүгө жарап калышты. Кемчиликтер жөнүндө сөз кылсак да айта турган нерселер арбын. Орус мектебин бүтүргөн балдар кыргыз тилин 11 жыл мектепте, бир-эки жыл университетте окуганына карабай кыргызча кеби сөлпүк, лексикасы жарды, мамлекеттик тилди келечектеги жумушунда колдонууга жарабачудай болуп жаткандыгын билебиз. Буга негизги себеп, биздин оюбузча, мектеп окуучулары үчүн жазылган кыргыз тили окуу китептеринде грамматикага өтө эле басым жасалып, сүйлөө тапшырмаларына азыраак көңүл бурулгандыгында. Университеттерде кесиби филолог эмес болгон студенттер үчүн жазылган окуу китептеринде да кыргыз тилинин өзгөчөлүгүнө басым жасалып, балдардын кесиби боюнча материалдардын жок болушу. Мына ушундай көйгөйлөрдү чечүү үчүн жогорку окуу жайларында кыргыз тили сабактарын толугу менен кесиптик багытка өткөрүү керек деп ойлойбуз. Кесиптик багытта окутуу маселеси жаңы чыгып жаткан жери жок, бирок ал багытта окутуунун методикасы такталып, окуу китептери, окуу куралдары жогорку деңгээлде түзүлүп, бардыгы шайма-шай болуп да кала элек. Азыркы учурда кесиптик багытта окутууну жаңыдан өздөштүрүлө баштаган дың жер десек да жаңылбасак керек. Бул багытта окутуу окутуучу тарабынан көп убакытты, чыгармачылыкты, жаңыча ойлонууну, кошумча маалыматтарды билүүнү талап кылат. Негизи эле бул багытта окутууну жүргүзө турган окутуучу төмөндөгүлөргө даярдануусу зарыл:

- Сабакта өтүлө турган кесип тууралуу маалыматтарга ээ болуу.
- Ошол кесип боюнча тексттерди чогултуу. (Текст даярдап жаткан окутуучу абдан этият болушу керек. Себеби, интернет булактарында кесипке туура келбеген маалыматтар көп учурашы мүмкүн. Мындай маалыматтарды ошол кесиптин өкүлдөрүнө редакциялатып алган оң. Ошондой эле студенттердин кесиптик сабактарында өтүлүп жаткан темалар кайталанбашы керек. Себеби, ал кесиптин өкүлү болгон окутуучу менен кыргыз тилчи окутуучунун сабактары айырмаланып калышы мүмкүн).
- Тексттерге ылайыкталып тапшырмалар түзүлүшү керек. Алар студенттердин лексикалык байлыгын өстүрүп, сүйлөө көндүмүн жогорулатууга багытталышы керек. Алардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү тапшырмалардын болгону да жакшы натыйжаларды берет.
- Грамматикалык каражаттар өтө терең берилбеши керек. Алар тексттин ичине сыйлыгыштырылып берилиши оң. (Кээ бир учурларда сабакта студент грамматикалык форманы туура эмес колдонсо окутуучу тарабынан түшүндүрүлүүсү зарыл).
- Жумушчу программасы түзүлүшү керек.

Биз кесиптик багытта окутуу үчүн тарых факультетинин студенттери үчүн кесиптик багытта түзүлгөн окуу куралыбыздан [1] алынган «окуп түшүнүү, угуп түшүнүү» тапшырмаларынын үлгүлөрүн сунуш кылабыз.

**Окуп түшүнүү.** Окуп түшүнүү тилди тереңдетип өздөштүрүүдө чоң мааниге ээ экендигин билебиз. Жогоруда айтылгандай окуп түшүнүүнүн текстин даярдоо да окутуучу үчүн дыкат изденүүнү талап кылат. Окуп түшүнүүнүн тексти балдар үчүн кызыктуу, жалпысынан түшүнүктүү жана керектүү болушу зарыл. Окутуучу текстти балдардын өзгөчөлүгүнө жараша кайра иштеп чыкса да жакшы натыйжалар болорун байкадык. Башкача айтканда, текст чаржайыт маалыматтардан айрылып, бир бүтүндүккө ээ болуп, стилистикалык жактан оңдолушу керек. Текстке ылайыкталып түзүлгөн тапшырмалар сүйлөө, жазуу тапшырмаларын камтып, тексттин алкагынан чыкпаганы туура. Мисалы:

**Окуп түшүнүү**

**Ормон хан**

Кыргыз тарыхында өзгөчө орунду ээлеген Ормон Ниязбек уулу XIX кылымдын ортосундагы Түндүк Кыргызстанды бириктирүүгө аракет кылган сарбагыш уруусунан чыккан манап. Ал 1791-жылы Чоң-Кемин өрөөнүндө туулган. Ормон Ниязбек уулу өз мезгилинин залкар мамлекеттик ишмери, чыгаан кол башчы, айлакер дипломат, кыраакы саясатчы болгон. Анын мындай сапаттарга ээ болушуна ошол мезгилдеги шарт өз таасирин тийгизген.

Жоокерчилик замандын өз тартибине түшүнгөн Ормон чыгаан жигиттерди жыйнап, согуш ишин үйрөтүүгө өткөн. Алар мыкты аттарды тандап минишип, найза сайыш, кылыч чабыш, ок атыштын ыкмаларын өздөштүрүшкөн. Ормон атасынын ордун басып бүткүл сарбагыш уруусунун манабы болгондон баштап башка уруулар менен ымала түзүп, аларды өз айланасына тартуу иштерин баштаган. Бул саясат кудалашуу, достошуу аркылуу ишке ашкан. Алсак,  иниси Төрөгелди баатырга солтонун бийи Канайдын кызын алып берип, солтонун мыктыларын колго алат. Саяктардын атка минерлери Медет датка менен мамиле түзүп, Чыны бий менен достошот. Бугулардын бийи Боронбайдын уулу Өмүрзакка өз кызы Куланды турмушка берет. Чериктерден Ажыбек баатыр менен достошуп, атактуу Тайлак баатырдын уулу Осмон менен улуу уулу Үмөтаалыны достоштурат. Натыйжада Ормондун таасири Чүй, Жумгал, Көл, Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаа аймактарына чейин тарайт. Ормон алайлык адыгине уруу бирикмесинин жол башчысы Алымбек датка, саруу Ажыбек датка, кушчу Бүргө баатыр менен да байланышты бекемдөөгө умтулган. Ошол мезгилде Бишкек, Куртка чептеринде бир кыйла сарбаздары бар Кокон бектери да ага ачык кысым көрсөтүүгө дааган эмес. Атүгүл, Мадали хан Ормонго кымбат баалуу белек-бечкектерди тартуулап, кымкап чапан жаап, парваначы наамын ыйгарган. Бул наам хандан кийинки эле миңбашы-вазирге тете мартаба болуп эсептелген. Мындай жогорку даражага ээ болгон Ормон, Кокон хандыгынын кылтагына илинген эмес, ал ойлогон оюн ишке ашырууга бел байлаган.

Ормон хандын түндүк кыргыз урууларын бириктирип мамлекетти чыңаган ишмердүүлүгү жана Россия менен болгон ынтымак байланышы казактардын ханы Кененсарынын кыргыздарга жасаган 1845-1847-жылдардагы талоончулук согуштарында жеңиштин кыргыздар тарапта болушун камсыз кылды. Казактар менен болгон бул согуштар Ормон хандын мамлекеттик ишмер гана эмес кыраакы кол башчы экенин да көргөздү. Анын акылмандык менен башкарган аскери 10 миң колу, 1500ден ашык мылтык, 2 замбирек менен куралданган, мыкты согуштук тажрыйбага ээ болгон Кененсары хандын аскерин жеңген.

Ормон хан элдин эсинде кыргыз жерин душмандардан калкалаган кыраакы колбашчы, журттун коопсуздугун коргогон, биримдигин чыңдаган чыгаан мамлекеттик ишмер катары сакталып калды [2].

**Текст боюнча тапшырмалар:**

**А. Төмөндөгү маалыматтардын текстке карата туура же ката экендигин аныктаңыз.**

| | | туура | ката |
|---|---|---|---|
| **1** | Ормон хан башка кыргыз урууларын күч менен каратып алган. | | |
| **2** | Ал Кокон ханынын парваначысы болуп көп жыл иштеген. | | |
| **3** | Ормон хан дипломат катары өзүн көрсөтө алган. | | |
| **4** | Кокон хандары Ормон хандан чочулап турушкан. | | |
| **5** | Ормон хандын айлакердиги казак колбашчылары менен болгон согушта кыргыздардын жеңишин камсыз кылган. | | |

**Б. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин кутучанын ичинен табыңыз.**

айлакер // мартаба //

согуш // кылтак //

ымала // калкалоо //

кыраакы // тартуулоо //

| |
|---|
| уруш, амалдуу, белек кылуу, дөөлөт, коргоо, байкагыч, тузак, мамиле |

**В. Сүйлөмдөрдү маанисине жараша бириктириңиз.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1** | Ормон хан таасирин жайылтуу үчүн | | жеңилүүгө дуушар болгон. |
| **2** | Ормон хан түндүк урууларын бириктирип | | жоокер өнөрлөрүн үйрөтүүгө жетишкен. |
| **3** | Кокон башкаруучулары кыргыздарды ар түрдүү амал | **1** | башка уруу башчылары менен жакшы мамиле түзгөн. |
| **4** | Ормон айылдагы балдарды жыйнап | | көз карандысыз мамлекет түзүүгө далалаттанган. |
| **5** | Кененсары хан аскердик артыкчылыгына карабай | | куда-сөөк болуп туугандашкан. |
| **6** | Ал бугу уруусунун жетекчиси менен | | менен колго алууну көздөшкөн. |

**Г. Суроолорго жооп бериңиз.**

1. Ормон хандын кыргыз тарыхында кандай орду бар?
2. Ормон хандын саясий ишмер катары калыптанышына кандай себептер таасир эткен?
3. Ормон хандын чыгаан кол башчы, кыраакы саясатчы экендиги кайсы окуяларда көрүнгөн?
4. Эмне үчүн Ормон хан уруу башчылары менен алаканы жакшыртканга аракет кылган?
5. Бул аракеттерин ал кантип ишке ашырган?

**Угуп түшүнүү.** Угуп түшүнүү тилди мыкты өздөштүрүүдө колдонулуучу маанилүү ыкма экенин билебиз. Угуп түшүнүү окуп түшүнүүдөн бираз өзгөчөлүктөрү бар. Окутуучу угуп түшүнүү башталардан мурун текстинде кездешкен татаалыраак сөздөрдү студенттерге алдын ала түшүндүрүп коюусу керек. Себеби, текстти угуп жаткан бала бир сөздүн маанисин билбей калса, ошол жөнүндө ойлонуп башка маалыматтарды өткөрүп жибериши мүмкүн. Угуп түшүнүүнүн тексти да окуп түшүнүүгө караганда көлөмү чакан, мааниси жөнөкөйрөөк болгону жакшы. Угуп түшүнүү ыкмасын көп колдонуу жакшы натыйжаларды берерин байкан жүрөбүз. Бул ыкма менен студенттердин эске тутуусун машыктырууга, кыргызча ойлонууга, лексикалык байлыгын көбөйтүүгө жетише алабыз.

Угуп түшүнүүнүн тапшырмалары да студенттердин ой-жүгүртүүсүн, жазуу жана сүйлөө көндүмдөрүн илгерилетүүгө жардам бериши керек.

**Угуп түшүнүү**

**Атанын кеңеши**

Илгери бир карыя уулуна мындай деди:

-Уулум жашоонун эки жолу бар. Бири оңой, бири кыйын. Оңой жол-жаман жол. Ал уурулук кылууга, жалган сүйлөөгө, жамандык кылууга мажбур кылат. Бул жолго түшкөн адам жаман адам болот. Мындай адамды калк сыйлабайт. Жашоонун экинчи кыйын жолу-эмгек жолу. Ак эмгеги менен максатына жетүү, үй-бүлөсүн жакшы багуу-чоң бакыт. Мындай адам чынчыл болгондуктан калк сыйлайт. Сен ушундай жашоого аракет кыл. Адамдар ар дайым сага салам беришсин. Ар бир айылда бирден үйүң болсун.

-Ата, эмне кылсам адамдар мага дайыма салам берет? Ар бир айылда үйүң болсун дегениңизди түшүнбөдүм. Ар бир айылга үйдү кантип салам жана анын мага эмне кереги бар?-деп сурайт уулу.

-Өзүң сүйгөн ишке эртең менен эрте жөнө. Эмгекчил бол. Ошондо сени көргөн эл сага дайыма салам берет. Ар бир айылда ишенген жакын досуң болсо, үйүң болгону ошол,-дептир атасы [3].

**А. Маалыматтарды айтылышы боюнча катарын табыңыз.**

| | |
|---|---|
| | Ак эмгеги менен максатына жетүү, үй-бүлөсүн жакшы багуу-чоң бакыт. |
| | Ар бир айылда ишенген жакын досуң болсо, үйүң болгону ошол |
| | Уулум жашоонун эки жолу бар. |
| **1** | Илгери бир карыя уулуна мындай деди. |
| | -Ата, эмне кылсам адамдар мага дайыма салам берет? |
| | Бул жолго түшкөн адам жаман адам болот. |

**Б. Маалыматтардын бар же жок экендигин аныктаңыз.**

| | | **бар** | **жок** |
|---|---|---|---|
| **1** | Карыянын жаш курагы. | | |
| **2** | Чынчыл адамды дайыма эле эл сыйлай бербестиги. | | |
| **3** | Өзүң сүйгөн ишке эртең менен эрте баруу керектиги. | | |
| **4** | Ар бир айылда менчик үйүңдүн болушу керектиги. | | |
| **5** | Жашоодогу оңой жана кыйын жолдор. | | |

**В. Маалыматтардын кимге же эмнеге тиешелүү экенин аныктаңыз.**

| | | **Жашоо** | **Жаман жол** | **Эмгекчил адам** | **Досу көп адам** | **Карыя** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Турмуштук тажрыйбасы мол. | | | | | |
| **2** | Эл тарабынан урматка ээ болот. | | | | | |
| **3** | Жамандык кылууга мажбур кылат. | | | | | |
| **4** | Эки тараптуу жагы бар. | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **5** | Ар бир айылда үйү бар. | | | | | |

**Г. Төмөнкү сөздөрдүн карама-каршы маанилерин кутучанын ичинен табыңыз.**

карыя// эмгекчил//
оңой// жашоо//
сыйлоо// салам берүү//
багуу// ишенүү//

| |
|---|
| барктабоо, кам көрбөө, жигит, ынабоо, жалкоо, өлүм, алик алуу, кыйын |

**Д. Суроолорго жооп бериңиз.**

1. Улуу адамдардын сөзүн угуу эмне үчүн абдан маанилүү?
2. Досторуңдун көп болгону жакшыбы же аз болгону жакшыбы?
3. Өзүңө жаккан жумушта иштөө керекпи же акчаны көп тапкан жумушта иштеген туурабы?
4. Ата-энеңиздин кандай кеңештери эсиңизде?

Кесиптик багытта окуу куралын түзүү боюнча өтө көп маселелерди айтсак болот. Аны түзүү да бир топ жылдык иш тажрыйбаны, тилибиздин грамматикалык табиятын өтө терең билүүнү, студенттердин психологиясын жакшы түшүнүүнү талап кылган нерсе. Бул иштер кандай татаал болсо да, максатка ылайык түзүлгөн окуу-методикалык куралдары жана жумушчу программалары ишибизди алда канча илгерилетери бышык.

**Корутунду:**

- Кыргыз тилин кесиптик багытта окутуу менен кесиби филолог эмес факультеттин студенттерин кыргыз тилине кызыгуусун ойгото алабыз.
- Кесиптик багытта окутуу менен орус мектебин аяктаган студенттер кесибине байланыштуу лексикалык каражаттарга ээ болушат.
- Окуп түшүнүү жана угуп түшүнүү ыкмаларын колдонуу менен студенттердин аң-сезимин, ойлонуу, анализ жасоо, эске сактай билүү, сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн өстүрө алабыз.
- Аталган ыкмаларды колдонуу менен сабагыбыз жандуу, кызыктуу жана студенттердин келечегине пайдалуу болуусун камсыз кыла алабыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Алымова А.Т., Төлөбеков Н.Т. Кыргыз тили. -Б.: 2014. - С.67
2. Урстанбеков Б.Т., Чоротегин Т. Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. -Ф.: 1990. – С. 288
3. Алтын көпүрө. -Б.: 2021. - С. 24-26.